| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА |
|---|---|
| ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ<br>XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН<br>XVI- СЕССИЯСЫ | ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>XVI СЕССИЯ XXVIII<br>СОЗЫВА |

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 21-февралындагы № 11 Тамга айылы**

**Усенов Акишти Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим” наамына сунуштоо жөнүндө**

Тамга айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин ардагери Усенов Акишти Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим” наамына сунуштоо боюнча Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин мүдүрү А.Букаровдун сунушун айылдык кеңештин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Тамга айылдык кенеши **токтом кылат:**

**1.** Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндөгү” 2017-жылдын 28-июлундагы № 157 Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Тамга айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин ардагери, Улуу Ата Мекендик согушунун тылдын катышуучусу “Эл агартуунун отличниги” төш белгиси, “Ардагер” медалы, “Насаатчы” медалы, Улуу Ата Мекендик согуштун Жеңиш күнүнүн 64-жылдык юбилейлик медалы, 75-жылдык Россия Федерациясынын медалы, 75-жылдык Кыргыз Республикасынын медалы, Жети-Өгүз районунун “Эл сыймыгы” наамы жана медалы менен сыйлангандыгын эске алуу менен **Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим”** наамына сунушталсын.

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыздоону айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго жүктөлсүн, көзөмөлдөө жагы социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **А.Букаров**

Жиберилди: иш кагаздарга-1. Тамга а/ө -1. Юстиция башкармалыгына - 2